Ч.Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейинин иш берүүчүлөр менен өтүлгөн тегерек столдун протоколу

6.03.2024

Катышканы 14

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1. №13 кесиптик лицейи менен тааныштыруу
2. Негизги кесиптик билим берүү программасы менен тааныштыруу.
3. Жумушчу программасынын структурасы менен таанышуу
4. Анкета жүргүзүү
5. Ар кандай меселелер

**Биринчи маселе**: боюнча №13 кесиптик лицейинин директору К.Сейдалы уулу төмөндөгүдөй сөз сүйлөдү: Саламатсыздарбы урматтуу коноктор жана кызматкерлер, бүгүнкү сиздер менен баарлашуу, сүйлөшүү максатында уюштурулуп жаткан тегерек столго кош келдиниздер. Убактыныздарды бөлүп келип бергенициздерге ыраазычылык билдиремин. Бүгүнкү тегерек столдун максаты болуп, биздин окуучулар өндүрүштүк практикага сиздердин жеке иш кананыздарга баруу алдында турат. Ошол окуучулардын өндүрүштүк практика учурунда өздөрүнө керектүү болгон маалыматтарды алып, үйрөнүп, жакшы жаш квалификациялуу кадр болуп чыкса деген максатыбыз бар. Анткени окуучулар өздөрүнө керектүү билимди бул жактан алышты, өндүрүштүк окуу учурунда тракторлорду айдап, жер айдоолорго чыгышты, эми ошол билимди сиздердин чарбаныздарда практика жүзүндө аткара билишет деп ойлойм. Сиздерден сураныч биздин окуу жай ушул учурда кесиптик билим берүү боюнча аккредитациядан өтүүдө. Аккредитация учурунда окуу жайга келип активдүү катышып бересиздер деп ойлойм. Сиздердин ой пикириниздер, биз менен иш алып барышыңыздар биз үчүн эң керектүү. Сиздер менен бирге иш алып баруу биз үчүн чоң жетишкендик. Ал эми окуу процесси боюнча орун басарым кыскача сиздерге маалымат берет.

**Экинчи маселе:** боюнча окуу жайдын окуу, өндүрүш методикалык иштери боюнча орун басары Р.Т Давлеталиева төмөндөгүдөй сөз сүйлөдү: Саламатсыздарбы урматтуу коноктор жана катышуучулар. Бизде ар бир адистиктер боюнча атайын Республикалык илимий методикалык борбордон ар бир окуу жылында типтүү план келет. Ошол типтүү пландын негизинде биз иш алып барабыз. Ар бир кесипке жумушчу иш пландар тузүлүп, жалпы метод кенеште каралып бекитилип кийин иштеп башташат. Бизде быйыл “айыл чарба өндрүшүнүн устаты (фермер)” кесибинин бүтүрүүчү 2-3 курстары иш берүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдин негизинде өндүрүштүк практикага чыгышты. 2-курс 274 саат өлчөмүндө, 3-курс 270саат өлчөмүндө өндүрүштүк практикага чыгарылды , ал эми 10 айлык кесиптердин окуучулары дагы өндүрүштүк практикага чыгышты. Алардын ичинен тракторчу- машинисттер 504 саат , жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор кесиби 432саат Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору кесиби 576саат өлчөмүндө өндүрүштүк практига чыгышты. Окуучулрдын практика учурунда сиздер менен тыкыз мамиледе иш алып барышты деп ойлойм. Ар бир окуу жылында сиздер менен келишимдин негизинде иш алып барабыз деп ойлойм.

Төртүнчү маселе: боюнча окуу жайдын улук устаты Арыкбаев РЖ төмөндөгүдөй сөз сүйлөдү. Дагы бир жолу саламдашып, келген коноктордон биздин окуу жайдын

Scanned with ACE Scanner

окуучулары практикага барганда  кандай проблемаларга кабылып жатышат, кандай жетишпестиктер болуп жатканы боюнча сурап өттү.Окуучулардын алган билими канчалык денгээлде колдоно аларын сиздер дагы байкадыныздар , билдиниздер деп ойлойм. Ошондуктан  сиздерден биздин окуу жай тууралуу ойлорунуздарды  билүү максатында анкета жүргүзүүнү туура көрдүк. Анкетага жооп жазып калтырсаныздар деп суранат элем.

Конокторго сөз берилип, “Жетиген  777” үрөөн чарбасынын жетекчиси сөз сүйлөдү. Сиздердин кесиптик окуу жай Айтматов районундагы жалгыз кесиптик окуу жайда, канча деген окуучуларды тарбиялап келе жатасыздар баарыныздардын ишиниздерге ийгилик каалап кетейин. Ал эми практикадан менден 20дан ашык окуучу  өттү. Окуучулар практиканын башталышында абдан активдүү катышышты. Өзгөчө жоопкерчиликтүү балдарда бар экен. Сиздер менен дайыма иш алып барууга даярбыз, колдон келген жардамыбызды берели деди.

Кийинки жарыш сөзгө “Сулайман ” үрөөн чарбасынын жетекчиси Сыдыгалиев Расулга чыкты. Меники өзүк жеке чарба болгондуктан окуучулар үйүмө келип жатышты. Техникаларды айдаганды жакшы билген балдар бар экен абдан чон жардам  болду мага. Окуучулардын катышуусун агайлары барып текшерип турушту. Жалпысынан жакшы болду , ишиниздерге ийгилик каалайм.

Чечим.

1.Билим берүү программалары ар бир иш берүүчүгө электрондук вариантта жөнөтүлсүн.

2. Анкеттирлөөнүн жыйынтыгы боюнча берилген сунуштар  эске алынып, ишке ашырылсын

Директор К.Сейдалы уулу

Катчы Марсбек кызы Ж

Scanned with ACE Scanner

## Иш берүүчүлөрдөн алынуучу анкета

Урматтуу иш берүүчүлөр! Бул изилдөөнүн максаты билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн кызмат тууралуу сиздин пикириңизди билүү. Сиздердин ой пикириңиздер билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарын жакшыртууга багытталат. Сиздер менен үзгүлтүксүз иш алып барууга өбөлгө болот. Окутуунун сапатынын деңгээли 5 баллдык шкала боюнча □ белгисин коюу менен баалап бериңиздер (1-өтө начар, 2-начар, 3-канааттандырарлык, 4-жакшы, 5-эң жакшы)

Сиздин жооп купуя болот.

Ф.А.А Осмонкулов К

Ишкананын аты дайкан чарбы

Сурамжылоо өткөн күнү 6.05.24

Сурамжылоого катышып бергениңизге ыраазычылык билдиребиз.

| Суроонун аталышы | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу жайдын өндүрүш менен болгон байланышынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | ✓ | | | | |
| Окуу жайда материалдык техникалык базанын деңгээли кандай? | ✓ | | | | |
| Окуу жайда окутуучу-устаттардын экзаменде билимди баалоо системасы кандай? | | ✓ | | | |
| Иш берүүчүлөрдүн окутуунун сапатын жогорулатууга катышуусунун сапаты кандай? | ✓ | | | | |
| Иш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенцияларына берген бааныздар кандай? | | ✓ | | | |
| Өндүрүштүк практикалардын уюштурулушунун деңгээли кандай? | ✓ | | | | |
| Бүтүрүүчүлөргө берген бааныз кандай? | ✓ | | | | |
| Студенттердин окуу –өндүрүштүк практикасына кандай баа бересиздер? | | ✓ | | | |
| Мугалимдердин эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү окуу-методикалык куралдарынын ресурстарды колдонуу деңгээли кандай? | ✓ | | | | |
| Окуу жайдын инновациялык окуу –методикалык ресурстарды колдонуу деңгээли кандай | ✓ | | | | |

Окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча кандай пикирлериңиз бар______________________________

Scanned with ACE Scanner

Иш беруучулөр менен анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгы

| № | ФАА | "5" | "4" | "3" | "2" | "1" | Суроо саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абдыхарим уулу Заур | 5 | 5 | - | - | - | 10 |
| 2 | Сыдыгалиев Р | 5 | 4 | 1 | - | - | 10 |
| 3 | Торокулов Ильяс | 5 | 5 | - | - | - | 10 |
| 4 | Эшенкулов Раушан | 5 | 4 | 1 | - | - | 10 |
| 5 | Умарбеков Бакыт | 5 | 5 | - | - | - | 10 |
| | Жалпы | 25 | 23 | 2 | - | - | |
| | Пайыздык көрсөткүч | 44% | 43% | 13% | | | |

Scanned with ACE Scanner